# ЭФОТК (IFRIC) 22 түшүндүрмөсү

## *"Чет өлкөлүк валютадагы операциялар жана алдын ала төлөө»*

## Шилтемелер

- *“Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздери”*[1]
- *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар"* ФОЭС (IAS) 8
- *"Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири"* ФОЭС (IAS) 21

## Баштапкы маалымат

1 *"Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири"* ФОЭС (IAS) 21дин 21-пункту чет өлкөлүк валютада операцияларды баштапкы таанууда ишкананын операция күнүнө карата колдонуудагы валютаны чет өлкөлүк валютага алмашуунун учурдагы курсун (алмашуу курсу) чет өлкөлүк валютанын суммасына карата колдонуу менен аны өзүнүн колдонуудагы валютасында эсепке алышын талап кылат. ФОЭС (IAS) 21дин 22-пунктунда операциянын күнү болуп ФОЭСке (стандарттарга) ылайык операцияны таануу критерийлерин операция биринчи жолу канааттандырган күн саналары айтылат.

2 Ишкана чет өлкөлүк валютада алдын ала төлөөнү жүргүзгөн же алган учурда, ал, адатта, ага таандык болгон активди, чыгашаны же кирешени тааныганга чейин акчалай эмес активди же акчалай эмес милдеттенмени[2] тааныйт. Көрсөтүлгөн актив, чыгаша же киреше (же анын бөлүгү) тиешелүү стандарттардын колдонулушу менен таанылган сумма болуп саналып, алдын ала төлөөнүн натыйжасында келип чыккан акчалай эмес активдин же акчалай эмес милдеттенменин таанылышын токтотууга алып келет.

3 Эл аралык финансылык отчеттуулуктун түшүндүрмөлөр боюнча комитетине (ЭФОТК) адегенде түшкөн кирешени таанууда ФОЭС (IAS) 21дин 21 - 22-пункттарын колдонуу менен «операция күнүн» аныктоо тууралуу маселе келип түшкөн. Атап айтканда, маселе жагдайлар контекстинде айтылган, анда ишкана тиешелүү түшкөн кирешени таанууга чейин алдын ала төлөөнү алуунун натыйжасында келип чыккан акчалай эмес милдеттенмени тааныйт. ЭФОТК бул маселени карап чыгып, алдын ала төлөөнү чет өлкөлүк валютада алуу же жүргүзүү түшкөн кирешенин таанылышы менен жүргүзүлгөн операциялар менен чектелип калбай тургандыгын белгиледи. Демек, ЭФОТК ишкана алдын ала төлөөнү чет өлкөлүк валютада алганда же жүргүзгөндө, тиешелүү активди, чыгашаны же кирешени баштапкы таанууда колдонуу керек болгон алмашуу курсун аныктоо максаттары үчүн «операция күнү» түшүнүгүн тактоону чечти.
Колдонуу чөйрөсү

4 Ушул түшүндүрмөнүн ишкана ага таандык болгон активди, чыгашаны же кирешени (же анын бөлүгүн) таануу учуруна чейин алдын ала төлөөнү жүргүзүүсүнүн же алуусунун натыйжасында келип чыккан акчалай эмес активди же акчалай эмес милдеттенмени

[1] Шилтеме 2010-жылы чыккан жана Түшүндүрмөнү иштеп чыгуу учурунда колдонууда болгон «*Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздерине»* таандык.

[2] Мисалы, *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15тин 106-пунктунда эгер сатып алуучу ордун толтурууну төлөп берсе же ишканада шартсыз (б.а. дебитордук карыз) болуп саналган ордун толтуруу суммасына укугу болсо, ишкана бул келишимге карата товарды же кызмат көрсөтүүнү өткөрүп берүүдөн мурун, ишкана келишим боюнча милдеттенмени төлөм жүргүзүлүп жаткан учурда же төлөм төлөнүүгө тийиш болгон учурда (эмне эрте болгонуна жараша) чагылдырууга тийиштиги айтылат.

тааныганда чет өлкөлүк валютадагы операцияга (же мындай операциянын бөлүгүнө) тиешеси болот.

5 Ушул түшүндүрмө төмөнкүлөр боюнча баштапкы таанылганда ишкана тарабынан тиешелүү актив, чыгаша же киреше бааланган учурда колдонулбайт:

(a) адилет наркы боюнча; же болбосо

(b) алдын ала төлөөнүн натыйжасында келип чыккан акчалай эмес активди же акчалай эмес милдеттенмени баштапкы таануу күнүнөн айырмалуу күнгө карата төлөнгөн же алынган ордун толтуруунун адилет наркы боюнча (мисалы, *«Бизнестерди бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3тү колдонуу менен гудвиллди баалоо).

6 Ишкана ушул түшүндүрмөнү төмөнкүлөргө карата колдонууга милдеттүү эмес:

(a) пайда салыктарына; же болбосо

(b) ал чыгарган камсыздандыруу келишимдерине (кайра камсыздандыруу келишимдерин кошо алганда), же ал тескеген кайра камсыздандыруу келишимдерине.

## Маселе

7 Ушул түшүндүрмөдө алдын ала төлөөнү чет өлкөлүк валютада жүргүзүүнүн же алуунун натыйжасында келип чыккан акчалай эмес активдин же акчалай эмес милдеттенменин таанылышын токтотууда тиешелүү активди, чыгашаны же кирешени (же анын бөлүгүн) баштапкы таанууда колдонулууга тийиш болгон алмашуу курсун аныктоо максаттары үчүн операция күнүн аныктоо каралат.

## Консенсус

8 ФОЭС (IAS) 21дин 21 – 22-пункттарын колдонуунун алкагында тиешелүү активди, чыгашаны же кирешени (же анын бөлүгүн) баштапкы таанууда колдонулууга тийиш болгон алмашуу курсун аныктоо максаттары үчүн операция күнү болуп ишкана алдын ала төлөөнү жүргүзүүнүн же алуунун натыйжасында келип чыккан акчалай эмес активдин же акчалай эмес милдеттенмени баштапкы тааныган күн саналат.

9 Алдын ала төлөөнү жүргүзүүнүн же алуунун бир нече операцияларынын учурунда ишкана ар бир төлөп берүү же алдын ала төлөө үчүн операция күнүн аныктоого тийиш.

© ФОЭС Фонду

# А тиркемеси
## Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболор

*Бул тиркеме ЭФОТК (IFRIC) 22 түшүндүрмөсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ЭФОТК (IFRIC) 22 түшүндүрмөсүнүн башка түзүүчүлөрү сыяктуу эле күчкө ээ.*

## Күчүнө кирүү күнү

A1 Ишкана ушул түшүндүрмөнү 2018-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгер ишкана ушул түшүндүрмөнү алда канча эрте мезгил үчүн колдоно турган болсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Өткөөл жоболор

A2 Алгачкы колдонууда ишкана ушул түшүндүрмөнү же болбосо:

(a) *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар"* ФОЭС (IAS) 8ди колдонуу менен ретроспективдүү түрдө; же болбосо

(b) төмөндө көрсөтүлгөн күнгө карата же андан кийин баштапкы таанылган, ушул түшүндүрмөнүн колдонуу чөйрөсүнүн алкагындагы бардык активдерге, чыгашаларга жана кирешелерге карата перспективдүү колдонулууга тийиш:

(i) анда ишкана ушул түшүндүрмөнү алгчкы колдонгон отчеттук мезгилдин башталышына; же болбосо

(ii) анда ишкана ушул Түшүндүрмөнү алгачкы колдонгон отчеттук мезгилде финансылык отчеттуулукта салыштырмалуу маалымат катары көрсөтүлгөн мурунку отчеттук мезгилдин башталышына.

A3 A2(b)-пунктун колдонгон ишкана, баштапкы таанууда ушул түшүндүрмөнү A2(b)(i) же болбосо (ii) пунктунда көрсөтүлгөн отчеттук мезгилдин башталышындагы күнгө карата же бул күндөн кийин баштапкы таанылган активдерге, чыгашаларга жана кирешелерге карата колдонууга тийиш, аларга карата ишкана бул күнгө чейин жүргүзүлгөн алдын ала төлөөнүн натыйжасында келип чыккан акчалай эмес активдерди же акчалай эмес милдеттенмелерди тааныйт.

© ФОЭС Фонду